**«Милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максатында Кыргыз Республикасынын жарандарын жекече (индивидуалдык) эсепке алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын долбooруна**

**НЕГИЗДЕМЕ-МААЛЫМКАТ**

**1. Долбоордун максаты жана милдети**

«Милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максатында Кыргыз Республикасынын жарандарын жекече (индивидуалдык) эсепке алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына өзгөртүүлөрдү киргизүү жөнүндө» Кыргыз Республикасынын ушул Мыйзамынын долбоору калкка мамлекеттик кызмат көрсөтүүлөрдү жарандын идентификациялык жеке номерин (мындан ары – ИЖН) ыйгаруу жана өзгөртүү чөйрөсүндө оптималдаштыруу жана натыйжалуу жүргүзүү максатында иштелип чыккан.

**2. Баяндоочу бөлүк**

Буга чейин, 2017-жылдын 1-июлуна чейинки мыйзам боюнча идентификациялык жеке номерлер Кыргыз Республикасынын социалдык фонду тарабынан ыйгарылып келген. Андан кийин ушул функциялар калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органга өткөрүлүп берилген.

Калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдын мамлекеттик кызматтарды көрсөтүүсүндө санариптик технологиялар (программалар, системалар) ишке киргизилгенге чейин техникалык катачылыктар кетирилген, себеби социалдык фонд өз кезегинде болгон маалыматтарды белгиленген тартипте толук көлөмдө өткөрүп берген эмес, бул жерде органдын күнөөсү жок.

Ошентип, бир эле жаранга бир нече идентификациялык жеке номерлердин ыйгарылышы, бул жердеги кетирилген ката болуп саналат.

Санариптик технологиялардын ишке киргизилиши менен, Кыргыз Республикасынын Президентинин 2020-жылдын 17-декабрындагы ПЖ № 64 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик башкаруусуна санариптик технологияларды киргизүүнү активдештирүү боюнча кечиктирилгис чаралар жөнүндө» Жарлыгына ылайык ыйгарым укуктуу орган тарабынан 1 (бир) миллиондон ашык документтер санариптештирилген жана жогоруда аталган каталарды таап чыгышкан, ошентип бүгүнкү күндө 100 (жүз) миңге жакын жаңылыштык менен ыйгарылган идентификациялык жеке номерлер белгиленген.

Жогоруда белгиленген көйгөйдү чечүү максатында чаралар көрүлгөн, анын ичинде «Милдеттүү мамлекеттик социалдык камсыздандыруу максатында Кыргыз Республикасынын жарандарын жекече (индивидуалдык) эсепке алуу жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-сентябрындагы № 619 «Идентификациялык жеке номерди ыйгаруу жана өзгөртүү тартиби жөнүндө» токтомуна тийиштүү өзгөртүүлөр киргизилген.

Ушул ченемдик укуктук актыларда суроо-талап мүнөзүндөгү, башкача айтканда жарандын жеке кайрылуусунун негизинде тийиштүү өзгөртүүлөрдү жана түзөтүүлөрдү киргизүү мүмкүнчүлүктөрү белгиленет.

Бирок, ушул өзгөртүүлөр көйгөйдү чече алган жок, анткени Кыргыз Республикасынын жарандары тийиштүү өзгөртүүлөр боюнча каалоолорун билдиришкен жок.

Калкты каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу орган тарабынан жарандардын активдүүлүгүн ойготуу боюнча бир катар чаралар көрүлгөн, мисалга, жарандардын даректерине билдирүүлөр жиберилген, байланыш операторлору аркылуу электрондук билдирүүлөр телефон номерлерге жөнөтүлгөн, жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу маалыматтарды чагылдыруу жолу менен жарандарга маалымат жеткирүү аракеттери боюнча акциялар бир нече ирет жүргүзүлгөн, бийликтин жергиликтүү органдары менен (айыл өкмөтү,

кварталдык комитет) тыгыз байланыштагы иштер жүргөн. Ушул аракеттер дагы натыйжалуу оң жыйынтыктарды берген эмес.

Көйгөй чечилбей жаткандыктан, ИЖНди актуалдаштыруу жана ыйгарым укуктуу органдын КБМРдеги аты-жөнү жөнүндө актуалдуу эмес маалыматтарды тапкан учурларында, жарандын паспортунун реквизиттеринде, КБМРде жаран жөнүндө маалыматтар жок учурларда же жаранда эки жана андан көп ИЖН, же эки жана андан көп адамга ыйгарылган бирдей ИЖН болгон учурларда жол-жоболорду жөнөкөйлөтүү максатында ушул ченем керек, анткени ыйгарым укуктуу орган ИЖНди пайдаланууну убактылуу токтотуу же биротоло токтотуу, өткөрүп берүү, тактоо (тосмо коюу) иш-аракеттерин жүргүзөт, ал эми бардык зарыл документтер жана маалыматтар кагаз түрүндөгү жана электрондук түрдөгү алып жүрүүчүлөрдө (автоматташтырылган маалыматтык системаларда) болот жана жарандын милдеттүү түрдө катышуусунун зарылдыгы болбойт. Ошондой эле ишке киргизилген санариптик программалар пайдалануудагы бардык маалыматтарды кыска мөөнөттө шайкеш келтирүүнү талап кылууда, ушул долбоор Мыйзамдын $7^1$ беренесине өзгөртүүлөрдү киргизүүнү, анын ичинде идентификациялык жеке номерди өзгөртүү үчүн негиздер тизмегин тийиштүү пункт менен толуктоону жана ыйгарым укуктуу органдын идентификациялык жеке номерди пайдаланууну убактылуу токтотуу же биротоло токтотуу, өткөрүп берүү, тактоо боюнча иш-аракеттерди бир жактуу тартипте жүргүзүүсүн берүүнү карайт, бул болсо жогоруда аталган көйгөйдүн чечилишине алып келет.

**3. Мүмкүн болуучу социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттер**

Ушул долбоорду кабыл алуу терс социалдык, экономикалык, укуктук, укук коргоо, гендердик, экологиялык, коррупциялык кесепеттерге алып келбейт.

**4. Коомдук талкуулоонун жыйынтыгы жөнүндө маалымат**

«Кыргыз Республикасынын Ченемдик укуктук актылар жөнүндө» Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 22-беренесине ылайык ушул Мыйзам долбоору Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин (www.gov.kg) сайтына, ошондой эле «Коом талкуу» ченемдик укуктук актылардын долбоорлорун коомдук талкулоо боюнча Бирдиктүү порталында (htt://koomtalkuu.gov.kg) жайгаштырылат.

**5. Долбоордун мыйзамдарга шайкештигин талдоо**

Сунушталган долбоор Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, ошондой эле Кыргыз Республикасы катышуучусу болуп саналган, белгиленген тартипте күчүнө кирген эл аралык келишимдерге каршы келбейт.

Мыйзам долбоорун ишке ашыруу үчүн Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 28-сентябрындагы № 619 «Идентификациялык жеке номерди ыйгаруу жана өзгөртүү тартиби жөнүндө» токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү зарыл.

**6. Каржылоо зарылдыгы жана булактары жөнүндө маалымат**

Ушул долбоорду кабыл алуу республикалык бюджеттен кошумча финансылык чыгымдарды талап кылбайт.

**7. Регулятивдик таасир берүүсүн талдоо жөнүндө маалымат (зарыл учурларда)**

Сунушталган долбоор регулятивдик таасир берүүсүн талдоону талап кылбайт, анткени ишкердикти жөнгө салууга багытталган эмес.

**Кыргыз Республикасынын**
**санариптик өнүктүрүү министри** **Т.О. Иманов**